| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЫСЫК- КӨЛ ОБЛАСТЫ**<br>**ЫСЫК- КӨЛ РАЙОНУ**<br><br>**ЖУСУП АБДРАХМАНОВ**<br>**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ИССЫК-КУЛЬСКИЙ РАЙОН**<br><br>**МЕСТНЫЙ КЕНЕШ**<br>**АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА**<br>**ЖУСУП АБДРАХМАНОВА** |

Кыргыз Республикасы, Ысык-Көл областы, Ысык-Көл району Жусуп Абдрахманов айыл аймагынын жергиликтүү Кеңешинин 28 - чакырылышынын кезектеги 1- сессиясы

# ТОКТОМ

2024-жыл № 28/1-4 Ананьево а.

**"Жусуп Абдрахманов айыл аймагынын айыл Өкмөтү »**
мекемесин түзүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы ПЖ №370 Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү жөнүндө жарлыгы, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 30-мартындагы №177 «Айыл аймактарынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүлүп жаткан Кыргыз Республикасынын региондорундагы айыл өкмөттөрүнүн ишин уюштуруу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын штаттык саны жөнүндө» токтомун, Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 92-беренесин, Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө», жана Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоонун тартиби жөнүндө Жобону ж.б. тиешелүү мыйзам актыларын жетекчиликке алып, **Жусуп Абдрахманов** айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Ананьево айыл аймагы, Ж.Абдрахманов айыл аймагы жана Өрүктү айыл аймактарынын айыл өкмөттөрүн бириктирүү жолу менен "**Жусуп Абдрахманов** айыл аймагынын айыл өкмөтү" болуп түзүлсүн.

   **Юридикалык жактын толук фирмалык аталышы:**

   - Мамлекеттик тилде: « Жусуп Абдрахманов айыл аймагынын айыл өкмөтү» мекемеси
   - Расмий тилде: Учреждение «Айыл Окмоту айыльного аймака Жусуп Абдрахманова »

**Кыскартылган фирмалык аталышы:**

-Мамлекеттик тилде: « Жусуп Абдрахманов айыл аймагынын айыл өкмөтү » м-и.

- Расмий тилде: У-е «Айыл окмоту айылного аймака Жусуп Абдрахманова »

2. Жусуп Абдрахманов айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн Жобосу бекитилсин.

3. Жусуп Абдрахманов айыл аймагынын айыл Өкмөтүнүн юридикалык дареги болуп, Кыргыз Республикасы, Ысык-Көл облусу, Ысык-Көл району, Ананьево айылы, Ленин көчөсү №120 болуп аныкталсын

4. Юридикалык жактын уюштуруучусу- айыл өкмөтүнүн башчысы жана айыл өкмөтүнүн кызматкерлери.

5. Мекеме Кыргыз Республикасынын иштөөдөгү мыйзамдарына ылайык Кыргыз Республикасынын юстиция органдарында мамлекеттик каттоодон өткөрүлсүн.

6. Токтомдо көрсөтүлгөн маалыматтардын, ошондой эле мамлекеттик каттоо үчүн тапшырылган документтердеги маалыматтардын аныктыгы ырасталат.

**Төрага** **С.К.Мамагулов**

Г.Стамова жиберилди: Иш кагазына-1, айыл өкмөтүнө-1, РМА-1, Мин юст-2